ӨЗГӨН
АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

УЗГЕНСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Өзгөн шаары, Ленин көчөсү 132
Тел. (факс) (03233) 5 -07 - 25, 5-04-85 e-mail: adm32@shailoo.gov.kg.
город Узген, улица Ленина, 132

**Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын**

**ЧЕЧИМИ № 56**

13- 04 . 2021-жыл

Өзгөн шаары.

Катышышты: Өзгөн АШКнын төрагасы К.Акыбаев
катчысы Ы.Болокбаев
мүчөлөрү У.Омуралиев, Ю.Тиллабаев,
М.Темиров, С.Рысалиева, П.Ормонбекова, К.Карабаев, К.Денизов, Н.Капарова

**Күн тартиби:**

1. **Коомдук байкоочулардан жана саясий партиялардын байкоочуларынан түшкөн арыздарды кароо жөнүндө**

**Угулду:** Өзгөн АШКнын төрагасы К.Акыбаев- урматтуу кесиптештер, 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоо процессинин бузулушу боюнча кайрылуу жолдогон.

1. №5058 шайлоо участкасында "Замандаш" саясий партиясынын байкоочусу М.Махмуджанов АЭУнун жанында эки адам турат деп билдирген. Барып жеринде текшергенде алар АЭУнун операторлору шайлоо учурунда сканер бюллетенди чайнап калгандыгына байланыштуу аппаратты оңдоп жатышкан. Эч кандай мыйзам бузуу аныкталган жок.
2. №5061 шайлоо участкасында шайлоочулар бири бирине кабинада шайлоого жардам берүүдө деп кайрылышкан. УШКга барып текшергенде төрайым Т.Шакирова төмөнкүлөрдү билдирди. Шайлоочу Рахимжанова Зедоган көзү начар көргөндүктөн келини С.Абдуллажанова менен келип шайлоодон өткөн. Турганбаева Набижан улгайган аксакалдын буту жакшы басбагандагана байланыштуу кошунасы Мирзоякубов Умаржан кошо жүргөн. Эч кандай мыйзам бузуулар болгон эмес ар эки саат сайын байкоочулар менен кошо шайлоонун өтүшү боюнча акт түзүлүп турган.

Жогорудагылардын негизинде Коомдук байкоочулардан жана саясий партиялардын байкоочуларынан №5058, №5061 участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын деп сунушун добушка койом.

Сунуш добушка салынды: **Макул -10,** **Каршы-жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды

Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. №5058, №5061 участкалык шайлоо комиссияларынын төрайымдарына байкоочулар менен тыгыз иш алып барбагандыгы жана убагында түшүндүрүү иштерин жүргүзүлбөгөндүгү эскертилсин.
2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына билдирилсин.
3. Ушул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы АШКнын катчысы Ы.Болокбаевге жүктөлсүн.

**Өзгөн АШКнын төрагасы** **К.Акыбаев**

**Катчысы** **Ы.Болокбаев**